КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XI-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 20-февралы №18 Барскоон айылы

**Кум-шагыл карьерин ачууга жер тилкесин**
**бөлүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексине, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Барскоон айылынын тургуну У.Мурзакановдун сунушун угуп жана талкуулап, Жер, муниципалдык менчик жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Ишкер У.Мурзакановдун кум, кум-шагыл аралашмасын казып алуу үчүн Барскоон айыл аймагындагы Тамга айылына тиешелүү №1223 чөйрө сызыгындагы таштактуу жайыт жерден 1 га жер участогун иштетүүгө ижарага берүүгө макулдук берилсин.
2. Ижарачы У.Мурзакановго Барскоон менен Тамга айылдарына жыл сайын ар бир айылга 1 чакырым көчөлөргө кум-шагыл төгүү аркылуу социалдык көмөк көрсөтүү жагы милдеттендирилсин.
3. Жерге тиешелүү укук берилүүчү документтерин түзүү, ижарачы менен келишим түзүү жагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковго тапшырылсын.
4. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
5. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин жер, муниципалдык менчик жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

---

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска